**2021 – 2022 – окуу жылында англис тили мугалими Оскомбаева Жаркын өз билимин өркүндөтүү максатында Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин алдындагы республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификацтясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунда окуп келгендиги тууралуу маалымат.**

Окуу курсу 2021 – жылдын 1- ноябрынан 12 – ноябрына чейин болуп өттү. Окуунун биринчи күнү институт жана сабактартын жүгүртмөсүн менен таанышуу болду. Сабактар негизинен 9.00 – 17.00гө чейин болуп жатты. Ошол эле күнү тарых жана окуучулар менен мугалимдердин милдеттери жана укуктары тууралуу лекциялар болду. Мындан тышкары педагогика, психология жана информатика предметтери боюнча кызыктуу лекциялар окулду. Биз билбеген көптөгөн маалыматтарды алдым. Бул лекциялардан балдар психологиясын, балдар менен иштөө жан тил табыша билүү жолдорун, аларга туура багыт берүү ыкмаларын өздөштүрдүк. Ошондой эле азыркы учурдагы актуалдуу болгон компетенттүүлүк, негизги компетентүүлүк, предметтик компетентүүлүк тууралуу маалымат берилди, сабактын планын түзүүдө да окуучуга багытталган жана сабактын максатын да окуучулар менен бирдикте түзүү керектигин окутту. Курстан тышкары практика иретинде англиялык волентор менен Zoom аркылуу сабак өтүлдү. Бул дагы болсо сүйлөө кебибизге жакшы практика болду. Курстун акыркы күнүндө тажрыйба алмашуу иретинде бирден сабак өтүп бердик.

Курс аяктаганда “Англис тилин окутуунун теориясы жана методикасы” программасы боюнча 72 саат көлөмдөгү кыска мөөнөттүк дасыгууну жогорулатуу курсунан өтүп сертификатка ээ болдум.